# Түркия жана Кыргызстандын Улуттук банк кызматташтыгы өнүгүүдө

Түркия мамлекетинин Улуттук банкы жана Кыргызстандын Улуттук банкы ортосундагы техникалык кызматташуунун биринчи этабы, Түрк кызматташуу жана координациялоо боюнча агенттиги (ТИКА) менен Түркиянын премьер-министринин аппаратынын катышуусу жана колдоосу менен аякталды. Былтыр КРнын Улуттук банкы Түркиянын банк системасынын айрым маселелерине тийиштүү Түркиядан техникалык жардам сураган. Курамына ТИКА, Түркиянын Борбордук банкынын адистери кирген делегация керектөөлөргө анализ жасоо максатында Кыргызстанга келген. Кызматташуунун алкагында Улуттук банктын төлөм системалары боюнча башкармалыгынын башчысы Улан Жамалидинов жана аталган банктын төлөм системаларына көзөмөл жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Эвелина Лелевкина Анкарага келип, Түркиянын Борбордук банкынын төлөм системасы



СҮРӨТ: АЙЗАДА КАСЫМБАЕВА

боюнча башкы дирекциясынын жетекчилиги менен жолугушту. Кыргыз делегациясынын өкүлдөрү эки тараптын банктык системалары ортосундагы кызматташтыкка ыраазычылыгын билдирип, мындан ары дагы өнүгүү каалады.

**АЙЗАДА КАСЫМБАЕВА**